Орозалиев Алымкул Абдикеримовичтин кандидаттык диссертациясын алдын ала коргоо боюнча И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ош мамлекеттик университетине караштуу география илимдеринин доктору ( кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 25.24.698 диссертациялык кеңешинин өткөрүлгөн кезектеги отурумунун

**№ 6 ПРОТОКОЛУ**

**Бишкек шаары** **26- февраль, 2025- жыл**

**Катышкандар:** Диссертациялык кеңештин төрагасы, г.и.д., профессор Низамиев А.Г. (25.00.24), төраганын орун басары, г.и.д., доцент, Дылдаев М.М. (25.00.24); окумуштуу катчы, г.и.к., доцент Солпуева Д.Т. (25.00.24) диссертациялык кеңештин мүчөлөрү: г.и.д., доцент Абдиманапов Б. Ш. (25.00.36), г.и.д., доцент Акматов Р.Т. (25.00.36), г.и.д. профессор Ахмадалиев Ю. И. (25.00.24), э.и.д., профессор Чортомбаев У.Т. ( 25.00.24),

г.и.д., профессор Каймулдинова К. Д. (25.00.23), э.и.д., профессор Култаев Т.Ч. (25.00.24), онлайн режиминде катышкандар г.и.д., профессор Матикеев К.М. (25.00.23), г.и.д., профессор Почечун В.А. (25.00.36), г.и.д., профессор Ахмадалиев Ю.И. (25.00.24).

**Диссертациялык кеңештин төрагасы**: география илимдеринин доктору, профессор Низамиев А.Г.

**Окумуштуу катчы: география илимдеринин кандидаты, доцент** Солпуева Д.Т.

**Күн тартиби:**

1. Орозалиев Алымкул Абдикеримовичтин «Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери» аттуу 25.00.36 – геоэкология адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук наамын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын алдын ала коргоосу.

**Угулду:**

**Диссертациялык кеңештин төрагасы, география илимдеринин доктору, профессор А. Г. Низамиев** Изденүүчү Орозалиев Алымкул Абдикеримовичтин «Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери» темадагы

кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңешке коргоого келип түшкөн. Изденүүчү жана анын илимий иши тууралуу жалпы маалымат берүү үчүн сөз окумуштуу катчы Солпуева Дамира Токтосуновнага берилет.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, география илимдеринин кандидаты, доцент Д.Т.Солпуева:**

**Саламатсыздарбы диссертациялык кенештин төрагасы жана мүчөлөрү!**

Уруксат берсеңиздер Орозалиев Алымкул Абдикеримовичтин кыскача өздүк делосу менен тааныштырайын.

Орозалиев Алымкул Абдикеримовичтин «Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери» аттуу 25.00.36 – геоэкология адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук наамын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы жана ага тиешелүү аттестациялык документтери Д 25.24.698 диссертациялык кеңешке 2024-жылдын 23 - декабрында жекече кабинет ачылып жүктөлгөн. Илимий жетекчиси – география илимдеринин доктору, доцент Дылдаев М.М.

Диссертант 1994-жылы Ош мамлекеттик университетинин география адистигин бүтүргөн. Илимий иштин негизинде 13 илимий макала жарык көргөн, 194 балл топтогон.

Бүгүнкү күндө К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин география, туризм жана табигый илимдер кафедрасынын кафедра башчысы доценттин милдетин аткаруучу болуп иштейт.

Төмөндөгү документтери бар: Өздүк баракчасы

Илимий теманы бекитүү жөнүндө К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин окумуштуулар кенешинин 2014-жылдын 18-мартындагы №30 протоколунун көчүрмөсү, илимий жетекчинин өзгөртүү боюнча 2024-жылдын 28-июнундагы №07-8/20 протоколу бар,

Илимий ишти жайылтуу боюнча өндүрүшкө киргизүү үчүн 3 актысы бар. Баткен райондук суу чарба башкармалыгы, Ош мамлекеттик университети, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети тарабынан берилген.

К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин экология жана жаратылышты пайдалануу жана география, туризм жана табигый илимдер кафедраларынын кеңейтилген отурумунун 2024-жылдын 3-декабрындагы токтомунун көчүрмөсү бар.

Диссертациялык ишке бекитилген эксперттик комиссия илимий ишти 25.00.36 — геоэкология адистиги коргоого кабыл алууга жана ачык коргоого

сунуштаган. Орозалиев Алымкул Абдикеримовичтин аттестациялык документтери Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын койгон талаптарына толук жооп берет.

**Төрага**: Окумуштуу катчынын маалыматына суроолор барбы? Жок болсо, анда сөздү изденүүчүгө берели.

Диссертациялык ишинин негизги жоболору менен тааныштыруу үчүн сөз изденүүчү Орозалиев Алымкул Абдикеримовичке берилет.

**Төрага:** Сөздү изденүүчүгө берели (докладка 15 минут).

**Изденүүчү А.А. Орозалиевдин доклады:**

Урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы Абдурашит Гумарович жана диссертациялык кеңештин мүчөлөрү жана катышуучулар! Илимий ишибиздин мазмунун кыскача баяндоого уруксат бериңиздер.

**Теманын актуалдуулугу** Изилденип жаткан аймак Кыргыз Республикасынын түштүк батышында жайгашкандыгына байланыштуу географиялык жактан ариддик зоналарга кирээрин жана азыркы учурда суу ресурстарынын күнүмдук жашоо тиричиликте, өндүрүштө, айыл чарбасында туура колдонуу кандайдыр бир деңгээлде күмөндөрдү жаратат.

Ушул көйгөйлүү маселелерди илимий теориялык жактан изилдөө бүгүнкү күндө зарыл деп эсептейм. Азыркы мезгилде климаттын өзгөрүүсүнө жараша жаратылыш компоненттеринин өзгөрүүсү байкалаарлык мүнөзгө жетти. Анын ичинен суу-жер ресурстары изилденип жаткан аймак үчүн табигый экологиялык жана экономикалык жактан өтө маанилүү. Ошондой эле аймактын дарыя бассейндеринин пайдаланууда кошуна мамлекеттер менен жалпы алабы бир болгондугуна байланыштуу айрым учурларда суу ресурстарын колдонууда бир топ маселелерди жаратпай койбойт. Далил катары акыркы жылдарда Кыргызстан менен Тажикстандын айрым аймактарында суу маселелери боюнча бир нече ири чыр-чатактар катталып, эки жактын кошуна элдин ортосунда кандуу кагылышууларга чейин алып келгендиги баарыбызга белгилүү.

Негизинен Баткен областы өнөр жай жана агрардык айыл чарбасына багытталган областтардын катарында болгондуктан анын экономикасын өнүктүрүүдө жана калктын социалдык абалын жакшыртууда, айыл чарбасындагы жер реформаларын ишке ашыруунун бирден-бир себеби суу-жер ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жана колдонуу, экологиялык жактан коргоо бүгүнкү күндө өтө актуалдуу.

**Аймактын өзгөчөлүгүн** төмөнкү факторлор далилдейт:

Баткен облусунун суу-жер ресурстарынын азыркы абалы ариддик зонасынын климаттык жаратылыш факторлорунун өзгөчөлүктөрүнүн

натыйжасы болуп саналат. Бул аймактын жаратылыш шарттарынын түзүлүшү бийиктик алкактуулук менен бирге глобалдык процесстердин жыйындысы болуп эсептелет жана мейкиндик бийиктик зоналуулугун аныктайт.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелерде жүргүзүлүүчү илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин география, туризм жана табигый илимдер кафедрасында аткарылды. Илимий изилдөөнүн натыйжаларын жалпы билим берүү системаларында атап айтсак жогорку жана орто окуу жайларда (Кыргызстандын географиясы, гидрология, геоэкология, мелиоративтик география) предметтерин окутууда кошумча жергиликтүү маалымат иретинде студенттер үчүн пайдаланууга болот. Бул илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын областык, райондук жана айыл аймактык суу чарба мекемелеринде колдонууга багытталган. Диссертациялык иштин жыйынтыктары калкты суу менен камсыз кылуу жана өнөр жай ишканаларын ошондой эле сугат иштеринин жүргүзүүдөгү негизги булак болуп саналат. Баткен областынын экономикасын алдыга жылдыруу жана калктын социалдык абалын көтөрүү аймактагы айыл чарба тармагында жер реформаларын ийгиликтүү ишке ашырууда негиз боло алат. Анын ичинде суу-жер ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу аймактын экономикалык чыгымдарын азайтат.

**Изилдөөнүн максаты** болуп илимий изилдөөнүн жүрүшү географиялык-гидрологиялык ыкманын негизинде аймактын суу ресурстарына сандык жактан баа берүү, жер ресурстарын абалына баа берүү, климаттын өзгөрүүсүнүн аймакка тийгизген таасири аныктоо жана суу-жер ресурстарды пайдаланыудагы геоэкологиялык көйгөйлөрдү илимий жактан талдоо жүргүзүү.

**Коюлган максатка жетүү үчүн диссертациялык ишке төмөнкү милдеттер сунушталды:**

- Аймактын бийиктик алкактар боюнча суу-жер ресурстарынын түзүлүшүнө географиялык мыйзам ченемдүүлүкүн алкагында изилдөө жүргүзүү;
- Аймактын суу ресурстарын сандык жактан баалоо жүргүзүү жана азыркы колдонуп жаткан көлөмүнүн көйгөйлөрүн анализдөө;
- ГИС (***GRASS GIS***) ыкмасынын негизинде бүгүнкү күндө изилденип жаткан аймактын карталарын түзүү (жылдык нымдуулуктун, жылдык бууланыунун, атмосфералык жаан-чачындын, климаттын типтери, топурактын картасы, айыл чарбасынын жер ресурстарынын картасы,

аймактын экологиялык картасы жана климаттын өзгөрүүсүнө карата Баткен областынын аянты 2100-жылга карата чөл жана жарым чөл зонасы 35% га өсүшү боюнча болжолдуу картасы).

- Жер ресурстарынын бүгүнкү күндөгү абалына геоэкологиялык баа берүү;
- Азыркы климаттын өзөрүүсүнө байланыштуу аймактын суу ресурстарына кайрадан жаңы шарттарда баалоо жүргүзүү;
- Аймактын суу-жер ресурстарынын коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу үчүн атайын илимий түрдө иш аракеттердин негизин түзүү жана ошондой эле адаптация механизмдерин сунуштоо.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыктары:**

Алынган маалыматтардын жана изилдөөлөрдүн негизинде Баткен областынын суу-жер ресурстарына баа берүү жана андагы көйгөйлөрдү чечүү жолдору төмөнкү илимий жыйынтыктар менен аныкталды.

- Баткен областынын бийиктик алкактар боюнча суу-жер ресурстарынын түзүлүшүн географиялык мыйзам ченемдүүлүгү аныктоодо аймактын физикалык-географиялык шарттары негизги фактор катары көрсөтүлдү;
- Суу ресурстарын сандык жактан такталып, бүгүнкү күндө аймакта суунун жетишсиздиги боюнча баа берилди;
- ГИС (***GRASS GIS***) ыкмасынын негизинде төмөндөгү географиялык карталар (жылдык нымдуулуктун, жылдык бууланууунун, атмосфералык жаан-чачындын, климаттын типтери, топурактын картасы, айыл чарбасынын жер ресурстарынын картасы, аймактын экологиялык картасы жана климаттын өзгөрүүсүнө карата Баткен областынын аянты 2100-жылга карата чөл жана жарым чөл зонасы 35% га өсүшү боюнча болжолдуу картасы) түзүлдү.
- Климаттын өзгөрүүсүнө байланыштуу чарбачылык жүргүзүүдө терс таасир аныкталып тиешелүү сунуштар белгиленди;
- Азыркы климаттын өзөрүүсүнө байланыштуу аймакта жаңы заманбап технологияларды колдонуу зарыл экендиги аныкталып, жеке тиричилик жана чарбачылык жүргүзүүдө жаңыча көз карашты калыптандыруу маселелери каралды;
- Аймактын суу-жер ресурстарынын коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу үчүн атайын илимий түрдө иш аракеттерди туура пландоо менен бирге, илимий жактан тастыкталган адаптация механизмдерин иштелип чыкты.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын Баткен райондук суу чарба башкармалыгында таанышып, айрым айыл аймактарында дыйкан фермерлер үчүн илимий жыйынтыктардын негизиде тамчылатып сугаруу, жер ресурстарын туура

өдөштүрүү жана суу ресурстарын бийиктик алкактуулукка жараша канча суу болоорун сандык көрсөткүчтөрдүн негизинде карап чыгып райондук суу чарба башкармалыгында колдонуу негиздүү болуп келүүдө.

Ош областынын Өзгөн районунун Жалпак-Таш айыл өкмөтүндөгү 2017-жылы жер көчкү басып калган Курбу-Таш айылынын аймагындагы агро-токой мелиорациялык иштер аркылуу кыртышты калыбына келтирүү жана биорекультивациялоо боюнча "Курбу-Таш токой" долбоорун аткарууда жаңы технологияларга жана инновациялык чечимдерге ылайык бак-дарактарды тамчылатып сугаруу системасын пайдаланылды (2022-2023 жылдар).

Ошондой эле иилимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин экология жана менеджмент факультетинин география, экология багытындагы магистранттарга (Кыргызстандын суу ресурстары) тандоо курсу анын ичинде Баткен областы өзгөчө статуска ээ болгондугуна байланыштуу суу, жер көйгөйлөрү боюнча маалыматтар окутулат.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык мааниси.**

Экономикалык көз караштa илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын областык, райондук жана айыл аймактык суу чарба мекемелеринде колдонууга болот. Диссертациялык иштин жыйынтыктары калкты суу менен камсыз кылуу жана өнөр жай ишканаларын ошондой эле сугат иштеринин жүргүзүүдөгү негизги булак болуп саналат. Баткен областынын экономикасын алдыга жылдыруу жана калктын социалдык абалын көтөрүү аймактагы айыл чарба тармагында жер реформаларын ийгиликтүү ишке ашыруунун негизинде жүргүзүлөт. Анын ичинде суу-жер ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу аймактын экономикалык чыгымдарын азайтат.

**Диссертацияны коргоодо алып чыгуучу негизги жоболор.** Изилдөөнүн жыйынтыктарынын негизинде төмөнкү бүтүмдөр сунушталган:

- Каралып жаткан аймактын азыркы мезгилге чейин суу-жер ресурстарын комплекстүү геоэкологиялык жактан баа берүү, жаратылышка тийгизген терс таасирин жана компоненттеринин өзгөрүүсүн изилдөө, бүгүнкү күнгө чейин илимий түрдө азыркы болуп жаткан климаттык өзгөрүүгө карата бирдиктүү системага салынган эмес.
- Аймактын суу-жер ресурстарынын туруктуу жана сарамжалдуу пайдалануу үчүн атайын илимий түрдө иш аракеттерин арттыруу жана илимий колдонмолорду туура пландоо менен бирге, тастыкталган адаптация механизмдерин сунуштоо аркылуу оң натыйжаларга жетүүгө шарттайт.
- Баткен областынын суу-жер көйгөйлөрүн чечүүдөгү маанилүү милдеттердин бири болуп эл аралык тажрыйбаны колдонуу менен

детталдуу илимий изилдөөлөдүн негизинде экосистемалык жана бассейндик суу башкаруу принцибинин ишке ашыруу менен бул аймактын туруктуулугун сактап калуу болоорун аныктайт.

**Изденүүчүнүн жекече салымы.** Географиялык- гидрологиялык ыкманын негизинде аймактын алкактар боюнча суу балансын изилденди.

1. Баткен областынын суу ресурстарына сандык жактан баа берилип, азыркы мезгилдеги климаттын өзөрүүсүнө байланыштуу Баткен областынын суу ресурстарына кайрадан жаңы шарттарда кароо үчүн мамлекеттер аралык бассейндик башкаруу боюнча сунуштар берилди.
2. Баткен областында тамчылатып сугарууга ылайыкташкан бир нече ыкмалары илимий жактан тастыкталып жергиликтүү аймактын фермер, дыйкандарына сунушталды.
3. Баткен областынын суу-жер ресурстарын пайдалануудагы экологиялык көйгөйлөрдү аныкталып, аны чечүү жолдору сунушталды.
4. Ошондой эле чогултулган статистикалык маалыматтарга таянып, ГИС (*GRASS GIS*) программасынын негизинде Баткен областынын (жылдык нымдуулуктун, жылдык буулануунун, атмосфералык жаан-чачындын, климаттын типтери, топурактын картасы, айыл чарбасынын жер ресурстарынын картасы, аймактын экологиялык картасы жана климаттын өзгөрүүсүнө карата Баткен областынын аянты 2100-жылга карата чөл жана жарым чөл зонасы 35% га өсүшү боюнча болжолдуу картасы) түзүлдү.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы жана тастыкталышы.** Диссертациялык иштин негизги жыйынтыктары жана усулдук сунуштары жергиликтүү жана чет элдик конференцияларда баяндамалар жасалды. «Иновации в науке» (АНС–СИБАК, 2017);, Евразийкое научное объеденение (2018);, Климаттын өзгөрүүсү жана айдана-чөйрөгө тийгизген таасири эл аралык илимий-практикалык конференция (Ташкент, 2024); “Климаттын өзгөрүшү, жашыл экономика жана туруктуу өнүгүү үчүн билим берүү маселелери окуу процессине интеграциялоо” аталыштагы эл аралык илимий семинар (Бишкек, 2024).

**Диссертациянын илимий жыйынтыктарынын басылмалардагы чагылышынын толуктугу.** “Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери” темадагы диссертациялык илимий иш боюнча 13 илимий макала жарык көрүп, 9 макаласы КРнын ЖАКсы көрсөтмө берген илимий журналдарында жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш үч бөлүмдөн туруп 155 барак, киришүү, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Иш 7 карта, 18 таблица 25 диаграмманы камтыйт.

## КОРУТУНДУ

Аймактын суу-жана жер ресурстарынын калыптануусундагы илимий теориялык жана практикалык мыйзам ченемдүүлүктөрү аныкталып, геоэкологиялык коргоо маселелеринде аныкталган багыттар сунушталды.

1. Баткен областынын суу-жер ресурстарынын илимий теориялык изилдөөнүн негиздерине таянып, физикалык-географиялык шарттары жана өзгөчөлүктөрүнө токтолуп, аймактын геологиялык түзүлүшүнө, рельефинин өзгөчөлүктөрүнө, жергиликтүү климатка жараша дарыяларына гидрографиялык мүнөздөмө берилип, жер ресурстарынын негизин түзгөн топурак катмарынын таркалуусу мыйзам ченемдүүлүктөрү жана экосистемаларына илимий теориялык жактан илимий түрдө тастыкталды.
2. Жаратылыш алкактары боюнча суу балансынын теңдемеси боюнча географиялык-гидрологиялык ыкманын негизинде аймактагы суулардын саны жана чыгымы эсептелип чыгарылды жана Баткен областынын админстративдик райондор боюнча суу балансы эсептелди. Андан сырткары Баткен областынын дарыя агымдарынын админстративдик райондор боюнча таркалуусу аныкталып, областын аймагындагы суу ресурстарын секторлор боюнча колдонулушу аныкталды.
3. ГИС (***GRASS GIS***) ыкмасынын негизинде бүгүнкү күндө изилденип жаткан аймактын төмөнкү карталары түзүлдү (жылдык нымдуулуктун, жылдык буулануунун, атмосфералык жаан-чачындын, климаттын типтери, топурактын картасы, айыл чарбасынын жер ресурстарынын картасы, аймактын экологиялык картасы жана климаттын өзгөрүүсүнө карата Баткен областынын аянты 2100-жылга карата чөл жана жарым чөл зонасы 35% га өсүшү боюнча болжолдуу картасы).
4. Илилденип жаткан аймактын жер ресурстарынын жалпы абалы жана геоэкологиялык көйгөйлүү маселелери каралып, жер ресурстарынын азыркы мезгилде колдонулушуна илимий түрдө багыттар берилди.
5. Бүгүнкү күндө тамчылатып сугаруунун кемчиликтери, тамчылатып сугаруунун артыкчылыктары жана бул ыкмалардын колдонуусунун технологиялары боюнча сунуштар берилди.

6. Изилдөө аймагы болгон Баткен областында климаттын өзөрүүсүнө байланыштуу кээ бир жергиликтүү айылдардын калк арасындагы дыйкан фермерлерден жер ресурстары жана анын түшүмдүүлүгү боюнча 118 адамдан сурамжылоо жүргүзүлдү.
7. Климаттын өзгөрүүсүнө карата аймактын климаты жана суу ресурстарына көп жылдык таблица жана диаграммалардын негизинде анализ жасалып, климаттын өзгөрүүсүнө карата ыңгайлашуу жараянына адапташууга тастыкталган сунуштар белгиленди.
8. Бүгүнкү күндө Орто Азия чөлкөмүндө Кыргызстандын суу ресурстары ички жана тышкы саясатта, экономикалык мамилелерде чечүүчү фактор катары эсептеп, өтө маанилүү стратегиялык ресурс, экологиялык кенч, экономикалык байлык, ички-тышкы соодада товар, саясый-дипломатиялык мамилелерде артыкчылык катары колдонуу боюнча сунуштар берилди.
9. Суу ресурстарын товар катары пайдалануу, коңшулаш мамлекеттер менен маселеде тең ата сүйлөшүү тууралуу демилгелер берилип дүйнөлүк практикада суу ресурстарын кантип чечилгендиги мисал иретинде анализ жасалып анын негизинде сунуштар берилди.

**Көңүл бурганыңыздарга рахмат!**

**Төрага:** Рахмат! Изденүүчүгө диссертациялык ишинин айланасында суроолоруңуздарды берсеңиздер болот.

**1-суроо: география илимдеринин доктору, доцент Акматов Р.Т.** Диаграммадагы климаттын өзгөрүүсүнө карата көп жылдык аномалиялык температура жана жаан-чачындын көрсөткүчтөрүндөгү көрсөтүлгөн төмөнкү терс минус цифралар эмненин көрсөтүп турат?

**Изденүүчү А.А. Орозалиев:** Диаграммадагы климаттын өзгөрүүсүнө карата көп жылдык аномалиялык температуранын белгилүү мелчемден жылдан-жылга ашыкча көтөрүлүп бараткандыгын көрсөтүп турат.

**2-суроо:** Областагы райондор боюнча суу ресурстарынын тармактар боюнча колдонулушу каралдыбы?

**Изденүүчү А.А. Орозалиев:** Баткен областынын аймагындагы суулардын секторлор боюнча колдонулушу жана админстративдик райондор боюнча калктуу конуштардын таза суу менен камсыз болушу каралып, таблица түрүндө көрсөтүлдү.

**3-суроо: экономика илимдеринин доктору, профессор Култаев Т.Ч.** Сиздин изилдөөңүздө Баткен облусунун орточо жылдык аба температурасынын линиялык корреляция теңдемесиндеги у = - терс белгиси эмнени билдирет?

**Изденүүчү А.А. Орозалиев:** Коэффициенттин терс белгиси жаан-чачындын жыл сайын азайып жатканын көрсөтөт, бирок бул өзгөрүү чоң эмес. Себеби коэффициент 1ге жакын болгондуктан, келечектеги эсептөөлөрдө жаан-чачындын көлөмүн туруктуу деп эсептеп, анын бууланууга тийгизген таасирин эске албоого болот.

**4-суроо: экономика илимдеринин доктору, профессор Култаев Т.Ч.** Аймактын суу ресурстары ресурстарынын экономикалык жактан талдоодогу көйгөйлүү маселелер кандай таасирин тийгизет?

**Изденүүчү А.А. Орозалиев:** Изилденип жаткан аймактын климаттын өзгөрүүсүнө жараша суу-жер ресурстарынын экологиялык, экономикалык жактан талдоодогу көйгөйлүү маселелерди чечүүдө илимий кеңири маалыматтарды алып, аны практика жүзүндө айыл чарбасынын өнүгүшү үчүн бири-бирине айкалыштырып кароо жана пайдалануу илимий иштин башкы актуалдуу маселелердин бири. Эгерде суу ресурстарын сарамжалдуу пайдалансак, жаңы заманбап технологияларды колдонсок сөзсүз экономикалык чыгымдарды азайтат.

**5-суроо: экономика илимдеринин доктору., доцент Чортомбаев У.Т.** 1 гектар жер үчүн тамчылатып сугаруу системасын кантип эсептедиңиз?

**Изденүүчү А.А. Орозалиев:** Тамчылаткычтардын аралыгы – өсүмдүктүн түрүнө жараша, суу чыгымдоо нормасы – топурактын түрүнө жараша, катардын аралыгы, күндүзгү максималдуу сугаруу нормасы – аймактын шарттарына жараша эсептелди.

**6-суроо: экономика илимдеринин доктору., профессор Чортомбаев У.Т.** Тамчылатып сугарууда суунун чыгымы эмнеге көз каранды?

**Изденүүчү А.А. Орозалиев:** Тамчылатып сугарууда суунун чыгымы сугат түтүктөрүнүн өткөрүү жөндөмдүүлүгүнө көз каранды.

**7-суроо: экономика илимдеринин доктору., профессор Чортомбаев У.Т.** ≈ 2 блок деген эмнени билдирет?

**Изденүүчү А.А. Орозалиев:** Болжолдуу ≈ 2 блок тамчылатып сугаруудагы суу кампасын билдирет жана суу кампа деп оңдолот.

**8-суроо: география илимдеринин доктору., профессор Каймулдинова К.Д.** Илимий ишинизде маалыматтар жакшы экен жергиликтүү бийлик башкаруучуларына аймакты өнүктүрүү үчүн илимий ишиңиз боюнча моделдүү сунуштарды бердиңизби?

**Изденүүчү А.А. Орозалиев:** Ырахмат суроонузга, эске алып карап чыгам.

**Төрага**: Анда эмесе илимий жетекчисине сөз берилет.

**география илимдеринин доктору., доцент Дылдаев М. М.** Рахмат төрага, кеңештин мүчөлөрү жана кеңештин катышуучулары бул илимий иштин темасы бүгүнкү күндө өтө актуалдуу жана изилденип жаткан Баткен областы үчүн эң керектүү илимий жактан аныкталган суу – жер ресурстары боюнча маалыматтык бааза түзүлдү деп айтсак болот. Анткени биринчи жолу илимий түрдө аймактын эң көйгөйлүү маселелери бул суу жана жер ресурстарынын бүгүнкү күндөгү саны, колдонулушу, жер ресурстарынын пайдалануусу жана андагы экологиялык көйгөйлөрдүн пайда болушу аны чечүү жолдору белгиленген. Бул илимий иште изденүүчү көп жылдык маалыматтардын негизинде анализделип, коргоонун алдында турат. Илимий иш толук өз чегине жетти жана коргоого даяр деп эсептейм.

**Төрага**: Рахмат Мирлан Мухтарович илимий жетекчиге суроолор жокпу?

**Төрага**: Анда сөз эксперттерге берилет, илимий иштин диссертациянын, авторефераттардын орусча кыргызча варианттары эксперттерге жөнөтүлгөн.

**Биринчи эксперт география илимдеринин доктору., доцент Акматов Руслан Тынымсейитович! Биринчи кемчилдик.** 1. Баткен областында климаттын өзгөрүшү боюнча жергиликтүү метеорологиялык станциялар менен гидропосттордун көп жылдык байкоолору жетишээрлик денгээлде изилденген эмес эмне себептен?.

**Урматтуу Руслан Тынымсейитович** суроолоруңузга чоң рахмат**.**

**Изденүүчү А.А. Орозалиев:** Союз таркагандан кийин аймактардагы метеорологиялык станциялар менен гидропосттордун иштебей калган. Бирок акыркы жылдары калыбына келтирилип жатат. Бирок, айрым маалыматтар боюнча так маалыматтар бар.

**Экинчи кемчилдик.** Областагы суу ресурстарынын колдонулушу кара сөз менен эле жазылып калган. Ошондуктан, областын суу чарба башкармалыгынын статистикалык маалыматтарын пайдалануу менен илимий жыйынтык чыгаруу зарыл.

**Изденүүчү А.А. Орозалиев:** Рахмат сунушуңузга коргоого чейин баардыгы эске алынат.

**Үчүнчү кемчилдик.** Жер ресурстарынын суу менен камсыз болушу, алардын категориялары боюнча областагы 3 районду салыштыруу менен анализ кылуу керек.

**Изденүүчү А.А. Орозалиев:** Мен сиз менен макулмун эске алынат.

**Төртүнчү кемчилдик.** Диссертацияда корголуучу жоболорду жана корутундуну тактоо керек.

**Жооп:** Рахмат сунушуңузга коргоого чейин баардыгы эске алып карайбыз.

**Төртүчү кемчилдик.** грамматикалык, стилистикалык каталар кеткен.

**Изденүүчү А.А. Орозалиев:** Рахмат сунушуңузга коргоого чейин баардыгы эске алып оңдолот.

**Рахмат, Руслан Тынымсейитович !**

**Экинчи эксперт география илимдеринин доктору., профессор Матикеев Курманаалы Матикеевич!**

**Урматтуу Матикеев Курманаалы Матикеевич!**

Сунуш жана суроолоруңузга чоң рахмат**.**

**Диссертациянын мазмуну жана форматы боюнча сын-пикирлер жана сунуштар.**

Изилдөөнүн оң жактары менен катар диссертацияда кемчиликтер да бар:

**Биринчи кемчилдик.** Диссертациялык иште жер ресурстар боюнча маалыматтар жетишсиз. Андыктан иште маалыматтарды көбөйтүү менен иретке келтирүү зарыл;

**Изденүүчү А.А. Орозалиев:** Рахмат сунушуңузга коргоого чейин баардыгы эске алып оңдолот.

**Экинчи кемчилдик** Сунушталган жоболор чар жайыт жазылган, жетекчи тарабынан даты бир жолу текшерүү менен текста толуктоо зарыл.

**Изденүүчү А.А. Орозалиев:** Рахмат сунушуңузга коргоого чейин баардыгы иретке келип такталат.

**Үчүнчү кемчилдик:** Карталарды түзүүдө бирдиктүү ыкмалар бар аларды кайра карап бир форматта салуу зарыл.

**Изденүүчү А.А. Орозалиев:** Рахмат сунушуңузга коргоого чейин баардыгы иретке келип такталат.

**Рахмат, Курманаалы Матикеевич** коргоого чейин баардыгы ирээтке келтирилет.

**Үчүнчү эксперт география илимдеринин доктору доцент Абдиманапов Бахадурхан Шарипович**

**Биринчи кемчилдик** Материалдарды ирээтке келтирүү

**Урматтуу Бахадурхан Шарипович,** сунуш жана суроолоруңузга чоң рахмат**.**

**Изденүүчү А.А. Орозалиев:** Коргоого чейин ирээтке келтиребиз

**Экинчи кемчилдик.** Карталарды түзүүдөгү кемчиликтерди коргоого чейин ондоо?

**Жооп:** Карталарды түзүүдө кемчиликтерди ондойм.

**Үчүнчү кемчилдик.** Баптардын ичиндеги бөлүмдөрдүн айрымдарын толуктоо?

**Изденүүчү А.А. Орозалиев:** Коргоого чейин бөлүмдөрдүн баардыгын толуктап ирээтке келтирем.

**Отурумдун төрагасы, география илимдеринин доктору., профессор А.Г.Низамиев: Рахмат!** Эксперттердин пикирлерине, авторефераттар боюнча айтылган сын-пикирлерге жооп берүү үчүн сөз кайрадан изденүүчүгө берилет.

**Изденүүчү А.А. Орозалиев:** Жогорудагы айтылган бардык сунуш-пикирлерди коргоого чейин эске алабыз.

**Отурумдун терагасы, география илимдеринин доктору., профессор А.Г.Низамиев: Рахмат!** Эми диссертанттын жазган эмгегин талкуулоо, илимий дискуссия кылып сөздү кеңештин мүчөлөрүнө берели. Талкуудан соң, изденүүчүгө жыйынтыктоочу сөз беребиз.

**Изденүүчү А.А. Орозалиев:** Урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү. Менин ишимди убакыт бөлүп окуп, баалуу сунуш-пикирлерди, кемчиликтерди айткандарыңыздарга терең ыраазчылык билдиремин. Баарыңыздарга чоң рахмат!

**1. Отурумдун төрагасы: география илимдеринин доктору, профессор А.Г. Низамиев.** Анда жыйынтыктайлы, кошумчалап өз оюмду айта кетейин.

Бүгүнкү жыйында Орозалиев Алымкул Абдикеримовичтин **«Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери»** деген темадагы кандидаттык диссертациясы КР Президентине караштуу УАКтын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет жана ачык коргоого сунушталсын деген пикирлер айтылды. Андан сырткары эксперттер жана жетектөөчү мекеме катары Өзбекстан Республикасынын Наманган мамлекеттик университетинин география жана жаратылышты коргоо кафедрасын сунушташты.

**Акматов Руслан Тынымсейитович** И. Арабаев атындагы КМУнун география жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын профессорунун м.а. география илимдеринин доктору, **Култаева Акмарал Кубанычбековна** М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин пайдалуу кендердин геологиясы кафедрасынын доценти география илимдеринин кандидаты.

Расмий оппоненттерди сунушташкан. Жогорудагы сунуштаган оппоненттерге макулсуздарбы, каршы эмессиздерби? Анда ушул сунуштарды колго алып, добуш берип койсок.

**Макул – 11, каршы – жок, калыс – жок.** Чечим бир добуштан кабыл

алынды.

Жогорудагы изденүүчүнүн баяндамасын, суроо жоопторун жана талкууларды угуп И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу география илимдери боюнча уюштурулган Д 25.24.698 Диссертациялык кеңешинин кезектеги отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1**. Орозалиев Алымкул Абдикеримовичтин «Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери» аттуу 25.00.36 – геоэкология адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши ачык добуш берүүнүн негизинде алдын ала коргоодон өттү деп эсептелип, ачык коргоого сунушталсын.

**2**. Диссертациялык ишке жетектөөчү мекеме катары Өзбекстан Республикасынын Наманган мамлекеттик университетинин география жана жаратылышты коргоо кафедрасы бекитилсин.

**3. Расмий оппоненттер катары төмөндөгүлөр дайындалсын:**

**Акматов Руслан Тынымсейитович** И. Арабаев атындагы КМУнун география жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын профессорунун м.а., география илимдеринин доктору

**Култаева Акмарал Кубанычбековна** М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин пайдалуу кендердин геологиясы кафедрасынын доценти, география илимдеринин кандидаты.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы,**
**география илимдеринин доктору, профессор** **Низамиев А.Г.**

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы г.и.к., доцент** **Солпуева Д.Т.**

КАДРЛАР БӨЛҮМУ ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ